# Миграциялык карта

## Миграциялык карта деген эмне

Бул документте Орусияга чет өлкөдөн келген киши жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт.

## Миграциялык картада эмнелер көрсөтүлөт

- Чет өлкөлүк жарандын аты, фамилиясы, атасынын аты
- Туулган күнү
- Жынысы
- Жарандыгы
- Паспорттун номери
- Визанын номери (эгер ал Орусия Федерациясына кирүүгө керек болсо)
- Келишинин максаты
- Кабыл алуучу тарап
- Өлкөдө болуу мөөнөтү

## Миграциялык карта эмне үчүн керек

Бул документ Орусия Федерациясында убактылуу жашап туруу уруксатын (РВП) же жашап туруу уруксатын (ВНЖ), ошондой эле, эмгек патентин же иштөө уруксатын алууга мүмкүндүк берет.


## Миграциялык карта кимдерге керек

Миграциялык карта Орусияда же Беларуста туруктуу же убактылуу жашап туруу уруксаты болбогон чет өлкөлүк жарандардын баарына керек.

## Миграциялык картаны кайдан алса болот

Бул документти РФ чек ара кызматкери чек арадан өтүп жатканда паспорттук текшерүү учурунда берет.

## Миграциялык карта кандай көрүнөт?


"А" (Въезд/Arrival)
Российская Федерация Federation
Республика Беларусь Russian Republic of Belarus
Миграционная карта Migration Card
Серия/Serial
№
Фамилия/Surname (Family name)
Имя/Given name(s)
Отчество/Patronymic
Дата рождения/Date of birth
День/Day
Месяц/Month
Год/Year
Пол/Sex
Муж./Male
Жен./Female
Гражданство/Nationality
Документ, удостоверяющий личность/Passport or other ID
Номер визы/Visa number:
Цель визита (нужное подчеркнуть)/Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit
Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя, (отчество) физического лица), населенный пункт/Name of host person or company, locality:
Срок пребывания/Duration of stay:
С/From:
До/To:
Подпись/Signature:
Служебные отметки/For official use only
Въезд в Российскую Федерацию /Республику Беларусь/Date of arrival in the Russian Federation/Republic of Belarus
Выезд из Российской Федерации /Республики Беларусь/Date of departure from the Russian Federation/Republic of Belarus

"Б" (Выезд/Departure)
Российская Федерация Federation
Республика Беларусь Russian Republic of Belarus
Миграционная карта Migration Card
Серия/Serial
№
Фамилия/Surname (Family name)
Имя/Given name(s)
Отчество/Patronymic
Дата рождения/Date of birth
День/Day
Месяц/Month
Год/Year
Пол/Sex
Муж./Male
Жен./Female
Гражданство/ Nationality
Документ, удостоверяющий личность/Passport or other ID
Номер визы/Visa number:
Цель визита (нужное подчеркнуть)/Purpose of travel (to be underlined): Служебный/Official, Туризм/Tourism, Коммерческий/Business, Учёба/Education, Работа/Employment, Частный/Private, Транзит/Transit
Сведения о приглашающей стороне (наименование юридического лица, фамилия, имя, (отчество) физического лица), населенный пункт/Name of host person or company, locality:
Срок пребывания/Duration of stay:
С/From: 25.07.2007
До/To: 24.10.2007
Подпись/Signature:
Служебные отметки/For official use only
Въезд в Российскую Федерацию /Республику Беларусь/Date of arrival in the Russian Federation/Republic of Belarus
Выезд из Российской Федерации /Республики Беларусь/Date of departure from the Russian Federation/Republic of Belarus

Линия разрыва

## Маанилүү

Миграциялык картаны өлкөгө кирип жатканда жол-жоболоштуруш керек, ошондуктан документти катасыз толтуруш керек. Миграциялык картадагы каталарды өлкөгө кайра киргенде гана оңдосо болот.

## Миграциялык карта кантип толтурулат

Миграциялык карта эки бөлүктөн — «А» (кирүү) жана «Б» (чыгуу) бөлүктөрүнөн турат

Бош саптардын баарын тийиштүү бөлүктөрдө жана графаларда орус же латын басма тамгалар менен толтуруңуз.

- Фамилия, аты, атасынын аты (эгер бар болсо)
- Туулган күн (күн, ай, жыл) ДД ММ ГГГГ форматында жазыңыз
- Жыныс — жынысыңыз көрсөтүлгөн квадратты чийиңиз
- Жарандыгы
- Паспорттун же Орусияга кирип жатканда көрсөткөн башка документтин номери
- Визанын номери (бар болсо)
- Келүүнүн максаты (тийиштүүнүн астын сызыңыз): иш сапар, туризм, коммерция, окуу, жумуш, жеке иштер менен, транзит
- Чакыруучу тарап жөнүндө маалыматтар — компаниянын аталышы же чакырган кишинин аты, алар жайгашкан шаар. Коно турган жерди жана анын дарегин жазыңыз
- Өлкөдө калуу мөөнөтү

## Миграциялык карта жоголуп кетсе, эмне кылыш керек

Миграциялык картаңызды жоготуп алсаңыз же ага зыян келтирсеңиз, регионуңуздун **ИИМ бөлүмүнө кайрылыңыз.** Сизге документтин дубликаты берилет. Документ жоголгону жөнүндө 3 күндүн ичинде билдириш керек.